**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК**
**ИЛИМЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН**
**МАМЛЕКЕТ ЖАНА УКУК ИНСТИТУТУ**

**Ж.БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ**
**УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ**

**ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д 12.24.695**

*Кол жазма укугунда*
*УДК;343(575.2)(043.3)*

**Жээнбаева Ырысгүл Эшмаматовна**

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДАГЫ ЖОГОРКУ ОКУУ ЖАЙЛАРЫНЫН УКУКТУК СТАТУСУ

12.00.01 — укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы

юридикалык илимдин кандидаты окумуштуулук даражасын
изденип алуу үчүн жазылган диссертациянын
АВТОРЕФЕРАТЫ

**Илимий жетекчиси**
ю.и.к., доцент Жусупов Б.А.

**Бишкек 2025-ж.**

Диссертация Ош мамлекеттик университетинде даярдалган.

**Илимий жетекчиси:** юридика илимдеринин кандидаты, доцент
Жусупов Болотбек Асанович

**Расмий оппоненттер:** юридика илимдеринин доктору, профессор

юридика илимдеринин кандидаты

**Жетектөөчү уюм:**

Автореферат 2025жылдын «__» ____________ таркатылды.

Диссертациялык кеңештин
окумуштуу катчысы,

## ИШТИН ЖАЛПЫ МҮНӨЗДӨМӨСҮ

**Диссертациянын актуалдуулугу**. Билим маанилүү социалдык баалуулук, институт саналгандыктан ал мамлекеттин ишмердүүлүгүнүн негизги багыттарынын бирин түзөт. Илимдүү жана билимдүү коом өнүккөн өлкөнүн түпкүрүн түзөт.

Учурдагы Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамы жогорку кесиптик билим берүү уюмдарынын укуктук статусун, андагы окуп жана иштеп жаткан жактардын укук жана милдеттерин толук кандуу жөнгө салган эмес. Жогорку окуу жайларындагы укуктук мамилелердин түрлөрү анын ичинде укук бузуу боюнча суроолор бир жактуу чечилген эмес.

Аракеттеги жогорку кесиптик билим берүү мекемелеринин ишмердүүлүгүн укуктук жөнгө салууда укуктук-уюшумдук, ченемдик, жарандык жана административдик аспектилер толук кандуу жөнгө салуу камсыз кылынбаган.
Кыргызстандагы окуу жайларынын саны, андагы окуп жана иштеп жаткан адамдардын саны бир канча көп контингентти түзөт. Бул өз кезегинде жогорку окуу жайларындагы укуктук мамилелерди тийиштүү деңгээлде жөнгө салууну талап кылат.

Учурдагы билим берүү мамилелерин укуктук жактан жөнгө салуу жетишээрлик деңгээлде эместигин турмуштук практика көрсөтүүдө.
Бул өз кезегинде жогорку кесиптик билим берүү мекемелеринин укуктук статусун аныктоо, жөнгө салуу боюнча бир канча фундаменталдуу изилдөө жүргүзүүнү шарттайт. Жогорудагы жагдайлар изилдөө темасынын актуалдуулугун жаратат.

**Диссертациялык теманын ири илимий программалар (долбоорлор) жана негизги илимий изилдөө иштери менен байланышы.**

Диссертациялык изилдөө темасы Ош мамлекеттик университетинин тарых-юридикалык институтунун «Мамлекеттин, укуктун теориясы жана тарыхы» кафедрасынын илимий изилдөө планына кирет.

**Диссертациялык изилдөөнүн максаты** – Кыргыз Республикасындагы жогорку окуу жайлардын укуктук статусун тутумдуу талдоо аркылуу жогорку окуу жайлардын, административдик, жарандык, билим берүү укуктук статустарынын маани-мазмундук жактарынын мүнөздүү белгилерин, көйгөйлүү жактарын аныктоо, жана жогорку окуу жайларынын укуктук статусун жөнгө салууну жакшыртуу боюнча сунуштарды, жоболорду жана тыянактарды иштеп чыгуу саналат.

**Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыгы-** Кыргыз Республикасында жогорку окуу жайларынын укуктук статусу алгачкылардан болуп монографиялык деңгээлде жыйымдуу изилдөө менен;
-жогорку окуу жайларынын укуктук статусунун мазмундук, түзүмдүк жактарын ар тараптуу изилдөө менен «жогорку окуу жайларынын укуктук статусу» аныктамасы сыпатталды;
-Кыргызстандагы жогорку окуу жайларынын калыптануу жана өнүгүү эволюциясынын тарыхый-укуктук жактары талданып, алардын калыптануусунун укуктук өзгөчөлүктөрү аныкталган;
-жогорку окуу жайларынын жарандык укук статусун изилдөөнүн теориялык усулдук жактары аныкталган;

-жогорку окуу жайларынын  жарандык укук статусунун мүнөздүү белгилери укуктук-уюшумдук формасынын өзгөчөлүктөрү аныкталган;
-жогорку окуу жайларынын жалпы ачык бийлик мамилелеринде жана ички мамилелериндеги административдик укуктук статусунун абалы талданган;
-жогорку окуу жайларынын  билим берүү укуктук статусундагы ички локалдуу актылар, коллективдүү келишим, ченем жаратуучулук аспектилери окуп үйрөнүлгөн;
-жогорку окуу жайларынын укуктук статусунун жөнгө салуунун учурдагы тенденциялары, көйгөйлөрү аныкталып, аны жакшыртуу боюнча теориялык жана практикалык сунуштар иштелип чыгылган.

**Диссертациянын практикалык мааниси** изилдөөнүн натыйжасында иштелип чыккан жоболор, тыянактар, сунуштар  Кыргыз Республикасындагы жогорку окуу жайларынын укуктук статусун жөнгө салууну жакшыртууга, түшүнүк аппаратын кеңейтүүгө, жөнгө салуудагы боштуктардын ордун толтурууга, жоопкерчилик   маселелерин чечүүдө колдонулушу мүмкүн.

Ошондой эле билим берүү чөйрөсүндөгү ченем жаратуучулук, мыйзам чыгаруу ишмердүүлүгүндө, локалдуу ченемдик актыларды  иштеп чыгууда колдонулушу мүмкүн.

**Диссертациялык изилдөөнүн экономикалык маанилүүлүгү** жүргүзүлгөн диссертациялык изилдөөнүн экономикалык мааниси төмөнкүлөрдө камтылат; чыгарылган тыянактар, жоболор жогорку окуу жайларынын укуктук статусун аныктоодо, алардагы боштуктарды толуктоодо, мыйзам чыгаруу органдары тарабынан өзгөртүү толуктоолорду киргизүү аркылуу  жогорку окуу жайларынын укуктук статусун так аныктоого жардам бериши мүмкүн. Ошону менен бирдикте жогорку окуу жайларындагы ыйгарым укуктардын так аныкталышын, өзгөчө макамга ээ болгон окуу жайлардын кайсыл ыйгарымдарды кеңейтүү зарылдыгын алдын ала аныктайт. Жогорку окуу жайларынын натыйжалуу ишмердүүлүк жүргүзүүсүнө көмөктөшөт.

**Диссертациянын коргоого чыгарылуучу негизги жоболору:**

1.Жогорку окуу жайы бул -  жогорку кесиптик, жогорку окуу  жайынан кийинки билим берүү программаларын ишке ашырган, уюшумдук негизи уюмдаштыруучулардын  өзгөчөлүгүнө жараша аныкталган, ошондой эле адистештирилген  менчиктин мамлекеттик же жеке формасындагы коммерциялык эмес,  лицензиясы бар, аккредитациядан өткөн юридикалык жакты билим берүү мекемесин  айтабыз.

Жогорку окуу жайларынын укуктук статусу төмөнкүлөрдөн көз каранды:

- менчиктин формасынан;
- аны уюмдаштыруучулардан;
- билим берүү программаларынын баскычынан;
- жогорку билим берүү программаларынын  профилинен (кең профиль), илимий изилдөөнүн багыттарынан (университет, институт, академия);
- адистешүүсүнөн, ведомстволук таандуулуктан (аскердик,  исскусство);
- уставында каралган   максат жана милдеттеринен;
- лицензиялык, аккредитациялык  талаптардын көрсөткүчүнөн  көз каранды.

2.Кыргызстандагы жогорку окуу жайларынын укуктук статусунун калыптануу эволюциясы бир канча этаптарга бөлүп кароо зарыл:

- биринчи этабын 1925-жылдан 1950-жылдар; бул жылдардын аралыгында алгачкы Кыргызстандагы жогорку окуу жайларынын калыптанышын, СССРдин курамында жогорку окуу жайларынын абалын аныктоочу Уставдын негизинде жөнгө салынышы мүнөздүү;
- экинчи этабын 1950-жылдан 1990-жылдар; бул жылдардын аралыгында Кыргызстанда жогорку окуу жайларынын ичинде алгачкы университеттердин ачылышы менен жогорку окуу жайларынын ички түзүмдүк бөлүктөрү бир канча кеңейтилип, аларга өз алдынчалуулук берилиши менен мүнөздөлөт;
- үчүнчү этап 1990-жылдан баштап азыркы мезгил; бул мезгилдерде жогорку окуу жайларын жөнгө салуучу атайын ченемдик актылар кабыл алынып, башка укуктук тармактар менен бирдикте комплекстүү жөнгө салуу ишке ашырылган жана бир канча жакшыртылган.

3.Жогорку окуу жайынын юридикалык жак катары укук жөндөмдүүлүгү ал катталган учурдан тартып пайда болот. Ошону менен бирдикте башка юридикалык жактардан айрымаланып, жогорку окуу жайынын аракет жөндөмдүүлүгү кошумча атайын укук жөндөмдүүлүктүн жана аракет жөндөмдүүлүктүн натыйжасында пайда болот (лицензия жана аккредитациядан өтүү).

Жогорку окуу жайларынын жарандык укуктук статусу укуктук уюшумдук формасына жараша мамлекеттик жогорку окуу жайлары менен бирдикте мамлекеттик эмес жогорку окуу жайларынын буюмдук укуктук абалы бирдей эмес. Мамлекеттик жогорку окуу жайларынын буюмдук укуктары бир канча чектелген ыкчам башкаруу жана пайдалануу режиминде жөнгө салынган.

4. Жогорку окуу жайларынын административдик укуктук статусу анын мамлекеттик жалпы ачык бийлик органдары менен ички жеке ачык болгон укук жана милдеттери жана жоопкерчилигинин жыйындысынан турат.

Учурдагы жогорку окуу жайларынын административдик укуктук статусуна мүнөздүү болгон автономиялуулук менен академиялык эркиндик принциптери маанилүү орунга чыгат.

5. Жогорку окуу жайынын билим берүү укуктук статусунун түзүмүн, элементтерин – жогорку окуу жайынын уставы, жамааттык келишим, ички тартип эрежелер, инструкциялар, локалдуу ченем жаратуучулук иши түзөт. Жогорку окуу жайында кабыл алынган чечимдер жеке жана коллегиалдуу автономдуу мүнөзгө ээ.

6. Учурдагы жогорку окуу жайларынын укуктук статусунун өнүгүү тенденцияларында акы төлөө менен билим берүү кызматын көрсөтүү, жеке жактар катышуусу менен жогорку окуу жайыны уюмдаштыруу, уставдык максаттарга жетүү үчүн ишкердүүлүк менен алектенүү укугунун кеңейүүсү мүнөздүү.

Ошону менен бирдикте жогорку окуу жайларын коюлган милдеттүү талаптардын сакталышынын (лицензиялык, аккредитациялык) көзөмөлдүн мөөнөттүүлүгү, натыйжалуулугу баштапкы орунда болуусу зарыл.

7. Учурдагы жогорку окуу жайларынын укуктук статусун жөнгө салууда жогорку кесиптик билим берүү мамилелери толук кандуу жөнгө салынган эмес, жалпылоочу мүнөзгө ээ. Жогорку кесиптик билим берүү жөнүндө өз алдынча мыйзам актысын кабыл алуу зарылчылыгы негизделген. Ошондой эле Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамга бир катар өзгөртүү толуктоолорду киргизүү сунушталды.

**Изденүүчүнүн өздүк салымы** илимийизилдөө иши логикалык жактан аягына чыккан өз алдынча илимий эмгек катары бааланып, анын натыйжалары Кыргыз Республикасындагы жогорку окуу жайларынын укуктук статусун жөнгө салуудан, камсыз кылуудан, ишке ашыруудан келип чыккан мамилелер саналат.

Изилдөөнүн натыйжасында чыгарылган жоболор, сунуштар, сыпаттоолор, тыянактар жогорку окуу жайларынын ишмердүүлүгүн жөнгө салууну жакшыртууга, андагы карама-каршылыктарды жоюуга, боштуктардын ордун толтурууга жана түшүнүк аппаратын кеңейтүүгө багытталган.

**Диссертациялык изилдөөнүн апробациясы** илимий изилдөөнүн теоретикалык жоболору жана тыянактары Ош мамлекеттик университетинин тарых-юридика институтунун «Мамлекеттин, укуктун теориясы жана тарыхы» кафедрасында талкуудан өтүп жактырылды. Илимий изилдөөнүн материалдары бир канча эл аралык илимий конференцияларда (Россия, Украина мамлекеттеринде) ошондой эле бир канча республикалык илимий конференцияларда баяндалган.

**Илимий изилдөөнүн натыйжаларынын толук кандуулугу** диссертациянын негизги жоболору жана тыянактары Улуттук Аттестациялык Комиссиянын тизмегине кирген илимий басылмаларда, автордун 10 (он) илимий эмгектеринде жарык көргөн.

**Илимий иштин түзүмү** диссертация киришүүдөн, үч главадан, сегиз бөлүмдөн, тыянактан, колдонулган адабияттардын тизмегинен турат.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН НЕГИЗГИ МАЗМУНУ

**Киришүүдө** диссертациянын темасынын актуалдуулугу негизделген; диссертациянын темасынын ири илимий программалар (долбоорлор) жана негизги илимий изилдөө иштери менен байланышы; изилдөөнүн максаты менен милдеттери аныкталган; алынган жыйынтыктардын илимий жаңылыгы жана практикалык маанилүүлүгү мүнөздөлгөн; диссертациянын коргоого чыгарылуучу негизги жоболору иштелип чыгылган; изденүүчүнүн жеке салымы, изилдөөнүн жыйынтыктарынын апробациясы жана алардын басылмаларда чагылдырылышынын толуктугу, диссертациянын түзүмү жана көлөмү көрсөтүлгөн.

**Биринчи глава** “**Жогорку окуу жайларынын укуктук статусун жөнгө салуунун теориялык укуктук негиздери”** деп аталып, эки бөлүмдөн турат.

***Биринчи бөлүм*** **“Жогорку окуу жайларынын укуктук статусунун түшүнүгү**”деп аталат. Бул бөлүмдө жогорку окуу жайларынын укуктук статусундагы маанилүү түшүнүк аппараттары талдоого алынып жалпыланган.
Жогорку окуу жайларынын укуктук статусу түшүнүгүн калыптандырууда анын кайсыл укуктун тармагы аркылуу жөнгө салынары маанилүү орунду ээлейт. Мына ошондуктан жогорку окуу жайларынын укуктук статусун аныктоодо мыйзамдык жөнгө салынуусун, социалдык тармактын өзгөчөлүгүн эске алуу керек.

Жогорку окуу жайлары юридикалык жактын макамын алгандыгына байланыштуу анын укуктук макамынын табиятын талдоо бир канча татаал экендигин айтуу зарыл.

Бул татаалдыкты төмөндөгүдөй кылып түшүндүрүүгө болот. Билим берүү тутуму татаал иерархиялык түзүлүшкө ээ жана бир канча баскычтарды өзүнө камтыйт. Жогорку окуу жайларынын укуктук макамын аныктоодо биз кесиптик билим берүү баскычы аркылуу карайбыз.

Жогорку окуу жайларынын укуктук статусун сыпаттоодо негизги критерий кылып:

-анын максаты жана милдеттери;

-укуктук-уюшумдук, жогорку окуу жайды уюмдаштыруу, укук жана милдеттерин, жоопкерчилигин аныктоо;

- укуктук административдик түзүмүн, режимин аныктоо;

- жогорку кесиптик билим берүү боюнча аккредитациялык жана лицензиялык талаптар;

- менчиктин формасы; жалпы ачык бийлик органына же уюмдаштыруучуларга баш ийүүсүн эске алуу керек.

Жогорку окуу жайларынын укуктук стутусун аныктоодо анын кайсы жалпы ачык бийликтин карамагында экендиги дагы олуттуу таасир берет.

Автор бул бөлүмдү жыйынтыктап жатып жогорку окуу жайынын түшүнүгүн сыпаттаган, ага ылайык жогорку кесиптик жана жогорку окуу жайынан кийинки билим берүү программаларын ишке ашырган, уюшумдук негизин уюмдаштыруучулардын өзгөчөлүгүнө жараша аныкталган ошондой эле адистештирилген менчиктин мамлекеттик же жеке формасындагы коммерциялык

эмес, аккредитациядан өткөн юридикалык жакты билим берүү мекемеси катары аныктаган.

Жогорку окуу жайларынын укуктук статусун төмөнкүлөрдөн көз каранды:

- менчиктин формасынан;
- аны уюмдаштыруучулардан;
- билим берүү программаларынын баскычынан;
- жогорку билим берүү программаларынын профилинен (кең профиль, институт, академия);
- адистешүүсүнөн (аскердик, исскусство);
- уставында каралган максат жана милдеттеринен;
- аккредитациялык талаптардын көрсөткүчүнөн көз каранды.

***Экинчи бөлүм* "Жогорку окуу жайларынын укуктук статусун жөнгө салуунун калыптанышы жана өнүгүшү"**деп аталат. Бул бөлүмдө автор Кыргызстандагы жогорку окуу жайларынын калыптануу жана аларды жөнгө салуу эволюциясын талдоо жүргүзүү менен анын мазмундук жактарын чагылдырган.

Билим берүү мамилелерин жөнгө салуунун маанилүү актысы катары 1918-жылдагы РСФСРдин Конституциясын айтууга болот.

Октябрь революциясынан кийин жаңы бийлик жаңы адамды тарбиялоодогу маанилүү интеллектуалдык жана идеологиялык мазмунга ээ болгон деп тааныган. 1920- жылдан баштап жогорку окуу жайларын мамлекеттик жөнгө салуу бир канча басымдуулук менен ишке ашырылган.

1922-жылы «Жогорку окуу жайлары жөнүндө» Жобо кабыл алынган *[Декрет СНК РСФСР от3 июля 1922. Положение о высших учебных заведениях. СПС Консультан плюс]* анда жогорку окуу жайлары үчүн бир катар милдеттер коюлган. Аларга: илимий техникалык ишмердүүлүк менен ар кандай тармактар боюнча кадрларды түзүү, илимий техникалык уюмдарды камыздоо максатында илимий кызматкерлерди даярдоо, илимий билимдерди пролетариатка таркатуу сыктуу маселелер коюлган.

Айта кетүү орундуу жогорку окуу жайларында факультеттерди түзүүгө, кээ бир шайлоо жолу менен калыптануучу түзүмдөр орнотула баштаган. Жогорку окуу жайларын жетекчиликке алуу максатында агартуу эл комиссариатында кесиптик техникалык мектептерди жана жогорку окуу жайларын башкаруучу башкы башкарма түзүлгөн.

Бирок айта кетүү орундуу 1924-жылдагы Конституция билим берүү жаатындагы маселелерди өз алдынча чечүүгө союздук республикаларга уруксат берген.

Кыргыз мамлекеттүүлүгүнүн 1929-жылдагы тунгуч Конституциясы дагы билим алууга болгон укукту карап 9-беренеде ар тараптуу акысыз билим берүүнү караган.

Жогорку окуу жайларын жөнгө салууда бир катар олутуу өзгөрүүлөр 1930-жылдарга дал келет. 1933-жылы Бүткүл союздук жогорку техникалык билим берүү комитети түзүлгөн. Ал эми 1946-жылы орто жана жогорку билим берүү министрлиги түзүлгөн.

Эң алгачкы жогорку окуу жайынын типтүү уставы 27-февраль 1934-жылы кабыл алынган. Бул уставдын негизинде жогорку окуу жайлары өздөрүнүн

уставдарын кабыл ала башташкан. Устав жогорку окуу жайларынын ички түзүмүн, баш ийүүдөгү органдын аталышын жетекчиликтин факультеттердин, кафедралардын ыйгарымдарын караган.

1937-жылдагы Кыргыз ССРинин Конституциясы дагы билим алууга болгон укукту тексти жагынан СССРдин Конституциясынын 121-беренеси менен бирдей бекитүү менен өз тилинде окууга жол берилген. Конституциянын 53-беренеси билим берүү Наркоматын бекиткен. 1937-жылдардагы Конституциянын билим берүү мамилелерин жөнгө салууда маанилүү өзгөчөлүгү болуп билим берүүнүн административдик башкаруусун негиздеген *[Жээнбаева Ы.Э. Жусупов Б.А. Кыргызстандагы совет бийлигинин алгачкы жылдарында билим берүү мамилелеринин ченемдик жөнгө салынышы (1917-1937-жылдар]* Известия вузов Кыргызстана, № 4, 2020. с. 39]. Конституциянын 19-беренеси Кыргыз ССРинин жана жогорку башкаруу органдарына баштапкы, орто жана жогорку окуу жайларын жетектөөнү жүктөгөн. Муну менен билим берүү мамилелерин мамлекеттик жөнгө салуу башталган.

Жыйынтыктап алганда, Кыргызстанда билим берүү мамилелерин ченемдик-укуктук жактан жөнгө салуу советтик мамлекеттин курамында жүргүзүлүп, кийин өз алдынча өнүгүү жолуна түшүп, улуттук билим берүү тутумун калыптандыруу менен аяктаган.

Бул бөлүмдү жыйынтыктап жатып автор бир катар тыянактарды чыгарган:

-Кыргызстандагы жогорку окуу жайларды укуктук жөнгө салуу эволюциясы мамлекеттүүлүк менен тыгыз байланышта экендиги ачыкталат;

-ошону менен алгачкы Кыргызстандагы жогорку окуу жайларынын түзүлүшү администртативдик тескөө усулу аркылуу жүргүзүлгөн;

-жогорку окуу жайлары совет мезгилинде борбордук башкаруу органдарынын чечиминин негизинде түзүлгөн;

-жогорку окуу жайларын укуктук жактан жөнгө салуучу мыйзам актылары примитивдүү түрдө болгон;

-жогорку окуу жайларын уюштуруу коомдук зарыл талаптар менен шартталган (педагогикалык кадрлардын, инженердик техникалык, технологиялык адистердин жетишсиздиги);

-жогорку окуу жайларынын укуктук абалы административдик укуктук мүнөздө болуп мамлекеттик органдардын карамагында калыптанган.

**Экинчи глава "Жогорку окуу жайларынын укуктук статусунун жалпы мүнөздөмөсү"** деп аталып, төрт бөлүмдөн турат.

***Биринчи бөлүмдө*"Жогорку окуу жайларынын укуктук статусунун теориялык усулдук аспектилери"**

*Изилдөөнүн усулдук негиздерин* илимий таанымдын ар кандай болгон диалектикалык, дедукциялык, индукциялык, синтездөө, ошондой эле грамматикалык, формалдуу юридикалык, тарыхый укуктук, салыштырма укуктук, тутумдук-түзүмдүк, түзүмдүк функционалдык талдоо усулдары түздү.

Изилдөөнүн толук кандуулугун камсыз кылуу максатында түшүнүк аппараттарын классификациялоо менен өз ара байланыштарды жана көз карандылыктарды аныктоо менен байланышкан лингвистикалык, логикалык ыкмалар колдонулду.

Жогорку окуу жайларынын пайда болуусу жана калыптануусу укуктук жактан жөнгө салуу суроолорун башка коомдук институттар менен чогуу кароого мүмкүнчүлүк берет. Кыргызстандагы жогорку окуу жайларынын калыптануусунун кыргыз мамлекеттүүлүгү менен бирдикте, бийлик бутактарынын калыптануусу, социалдык жана экономикалык чөйрөлөр менен чогуу кароого мүмкүнчүлүк берет.

Жогорку окуу жайлары жалпы эле билим берүү чөйрөсүн укуктук жөнгө салууда, анын ичинде укуктук статустун суроолорун чечмелөө тутумдук, тутумдук- түзүмдүк усулдар аркылуу жандашуу керек.

Анткени билим берүү тармагы анын ичинде жогорку кесиптик билим берүү ишмердүүлүгү тутумдук түзүлүшкө ээ. Анткени алар;

- бирдиктүү максатка жетүү үчүн багытталган;
-жогорку окуу жайлары юридикалык жак катары уюмдашкан биримдикке ээ;
- ал жарандардын кесиптик жогорку билим алуу укугу менен калыптанат;
- билим берүү тутум болуу менен өз ара бири бири менен байланышкан бир канча баскычтарды камтыйт;
- билим берүү чөйрөсү башка социалдык институттар менен өз ара тутумдук байланышка ээ.

*Илимий изилдөөнүн предмети* катары жогорку кесиптик билим берүү мекемелерин укуктук статусун жөнгө салган ченемдердин жыйындысын айтууга болот. Жогорку окуу жайларынын укуктук статусун жөнгө салуучу ченемдердин иерархиясын куроого болот.

Аларга Кыргыз Республикасынын 2021-жылдагы Конституциясы, «Граждандык» кодекс, «Билим берүү жөнүндө», «Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө» мыйзам, «Кесиптик жогорку билим берүүнүн билим берүүчү уюмдары жөнүндө» Жобо, жогорку окуу жайларынын уставдары, коллективдүү келишимдер, локалдуу актылар саналат.

Демек, жогорку окуу жайынын укуктук статусунун теориялык усулдук негиздерин талдоо төмөнкүдөй тыянактарды чыгарууга мүмкүнчүлүк берет:

-жогорку окуу жайынын укуктук статусун талдоодо ага коюлган милдеттерге жараша бир канча жыйымдуу болгон жалпы илимий жана атайын илимий усулдардын комплексинде кароону шарттайт.

- жогорку окуу жайларынын түшүнүк аппараты, калыптануу эволюциясын, учурдагы аракеттенүүсүн изилдөөдө грамматикалык, тарыхый усулдук, түтумдук, тутумдук-түзүмдүк, түзүмдүк функционалдык, формалдуу юридикалык усулдар аркылуу жандашуу артыкчылыктуу.

Жогорку окуу жайларынын укуктук статусун жөнгө салуудан пайда болгон коомдук мамилелердин жыйындысы статикалык эмес динамикалык мүнөзгө ээ. Ал мамлекеттин жана укуктун өнүгүүсүнүн жалпы мыйзам ченемдүүлүктөрү менен мамлекеттүүлүк,коомдогу башка тутумдар экономика, саясат, маданият менен тыгыз байланышы аныкталды.

Жогорку окуу жайларынын укуктук статусунун предмети Кыргызстандын укук тутумуна кирген бир катар ченемдик актылардын жыйымынан турган ченемдер тутуму саналат. Алар бир катар укуктун тармактык ченемдери аркылуу калыптануу менен бирге атайын мыйзамдык жөнгө салуу ченемдеринен турат.

*Экинчи бөлүмдө* **“Кыргызстандагы жогорку окуу жайларынын жарандык укуктук статусу”**деп аталып, жогорку окуу жайларынын жарандык укуктук статусу талдоого алынган.

Жогорку окуу жайынын юридикалык жак катары мүнөздүү төмөнкү белгилери бар:

- уюшкан биримдик социалдык байланыштардын ички түзүлүштүн кызмат орундары бар жамаат (окумуштуулар кенеши, педагогикалык жамаат, факультеттер, кафедралар);
- өзгөчөлөнгөн мүлктүн болушу мүлктөрдүн уюмдаштыруучуларга таандыктыгына жараша жогорку окуу жайлары мамлекеттик жана мамлекеттик эмес окуу жайлары;
- өзүнүн атынан жарандык жүгүртүүгө катышуусу.

Жогорку окуу жайынын укук жөндөмдүүлүгү лицензия алгандан кийин пайда болот. Дагы белгилей кетүү керек жогорку окуу жайлары жогорку кесиптик билим берүү программаларын ишке ашыруу үчүн аккредитациядан өтүүсү зарыл.

Атайын юридикалык укук жөндөмдүүлүк юридикалык жактарга жалпы эреже катары юридикалык жактын укуктук табиятынан келип чыгат.

Юридикалык жактын пайда болушу физикалык жактардан айрымаланып алардын максат милдеттеринен келип чыгат. Мындай мүнөздөмө жогорку окуу жайлары үчүн дагы мүнөздүү.

Коммерциялык эмес уюм мекемелерге таандык болуп, анда пайда табуу максатынын жоктугу аны пайда келтирүүчү ишмердүүлүк менен алектенүүгө уруксат берет.

Демек, Граждандык кодексте каралган «мекеме» түшүнүгү коммерциялык эмес уюм катары башка уюмдардан бир катар белгилер менен айрымаланат.

Ал белгилерге төмөнкүлөрдү киргизүүгө болот:

-мекеме уюмдаштыруучулар тарабынан каржыланат;

-мекеме киреше алуу максатын көздөбөйт;

-мекеме ишкердүүлүк менен уставдык максаттарга жетүү үчүн гана алектенет.

Мекеменин маанилүү мүнөздөөчү белгиси катары аны каржылоо уюмдаштыруучулар тарабынан ишке ашырылат. Белгилей кетүү керек уюмдаштыруучулардын каржылоого катышуусу жогорку окуу жайлардын уюшумдук формасын мамлекеттик же жеке менчик формасын аныктайт.

Бул жерден белгилей кетүү керек уюмдаштыруучулар мекеменин товарын же кызматын каржылабастан анын ишмердүүлүгүн каржылайт.

Мына ошентип жогорку окуу жайы коммерциялык эмес мекеме катары төмөнкү мүнөздүү белгилерге ээ:

-жогорку окуу жайы юридикалык жак катары коммерциялык эмес мекеме катары укук жана милдеттерге ээ;

- уюмдун коммерциялык эмес түрү катары жогорку кесиптик билим берүү мекемеси;

-уюмдаштыруучулар тарабынан жогорку окуу жайына берилген мүлк ыкчам башкаруу, укугунда берилип аны уставдык максаттар үчүн пайдаланууга укук берилип, тескөөгө укук берилген эмес;

-жогорку окуу жайы билим берүү ишмердүүлүгү менен бирдикте пайда алып келүүчү ишмердүүлүк башкача айтканда ишкердүүлүк менен алектенүүгө уруксат берилет;
- жогорку окуу жай табылган пайдага менчик укугу пайда болуу менен бирдикте бул пайдадан сатып алынган обьектилерге менчик укугуна ээ болот. Ошону менен бирдикте жогорку окуу жайы илимий изилдөө мекемеси катары интеллектуалдык ишмердүүлүктүн натыйжасына дагы менчик укугуна ээ болот.

Ошону менен бирдикте жогорку окуу жайы кеңири экономикалык ишмердүүлүккө ээ болуу менен, бир канча автономиялуулукка дагы ээ экендигин айта кетүү зарыл. Учурдагы жогорку окуу жай мекемесинин автономдуулугу анын укуктук уюшумдук жана тиби менен дал келбейт.

Жогорку окуу жайларынын укуктук уюшумдук формасын жарандык укуктагы «мекеме» формасына алып келүү зарыл. Анткени жогорку окуу жайынын коммерциялык эмес уюмдарга таандык болушу, уставдык максаттары жарандык кодекстин мекемелерге таандык жоболоруна дал келет.

***Үчүнчү бөлүмдө "*Жогорку окуу жайынын административдик укуктук статусу*"** талданган. Жогорку окуу жайынын административдик укуктук статусу анын мамлекеттик органдар, билим берүү чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу органдар менен коллективдүү субьект катары мамилелеринин туруктуулугун аныктайт. Жогорку кесиптик билим берүү окуу жайынын функционалдык милдеттерин ишке ашырууга көмөктөшүү менен бирдикте анын ишмердүүлүгүнүн милдет максаттарын уставында каралган натыйжаларга жетүүсү үчүн шарт түзөт.

Жогорку окуу жайларынын административдик укуктук мамилелер чөйрөсү ички мамилелер менен дагы байланышын талдоого алуу зарыл.

Жогорку кесиптик билим берүү мекемелерин (ректор, директор, начальник) башкарат. Эң жогорку башкаруу органы болуп коллегиялдуу болгон окумуштуулар кеңеши, педагогикалык кеңештер саналат. Ректор өз ыйгарым укуктарынын чегинде тийиштүү буйруктарды чыгарат.

Жогорку окуу жайлары мыйзам тарабынан аныкталган чекте кадрдык саясатты, окутуунун усулдарын, илимий изилдөөлөрдүн багыттарын, финансылык чарбалык иштерде бир канча өз алдынчалуулукка ээ болуу менен аракеттенет.

Демек, жогорку окуу жайларынын администртативдик укуктук статусунун мазмунун эки типке бөлүп карoo зарыл. Биринчи типке жогорку окуу жайынын сырткы байлынышы мамлекеттик органдар, билим берүү чөйрөсүндөгү борбордук башкаруу органдары менен административдик байланышы;
-экинчи жогорку окуу жайынын ички административдик укуктук байланышы ички (структуралык бөлүмдөрү, окумуштуулар кеңеши, филиалдары, өкүлчүлүктөрү) менен болгон административдик мамилелери аныктоого болот.

Жогорку окуу жайларынын административдик укуктук статусунун мазмундук жактарын төмөнкүлөр түзөт:
-жогорку окуу жайынын максаттары;
-жогорку окуу жайынын административдик укук жана аракет жөндөмдүүлүгү;
-жогорку окуу жайынын уставы;
-жогорку окуу жайларынын лицензиялануу жана аккредитацияланууcу;

-жогорку окуу жайынын административдик  башкаруу режими;
- жогорку окуу жайынын  жоопкерчилиги;
-жогорку окуу жайынын ички түзүмүдүк мамилелери түзөт.

Жогорку окуу жайынын административдик укуктук статусу анын укуктук уюшумдук, ведомстволук көз карандылыгынан   көз каранды.

***Төртүнчү бөлүмдө “Жогорку окуу жайынын билим берүү укуктук статусу”*** талданган.

Кыргызстандагы жогорку окуу жайларынын негизги максаты жогорку кесиптик билимге муктаж болгон жактардын укук жана кызыкчылыктарын канааттандыруу болуп саналат.

Биз изилдөөбүздүн жүрүшүндө жогорку окуу жайларынын жарандык, административдик укуктук статусу боюнча талдоо жүргүздүк. Юридикалык илимде укуктук статустун анын ичинде билим берүү мекемелерине таандык болгон өздүк статус  «берүү укуктук статусу» деген категория дагы орун алган.

Билим берүү укуктук статусу    бир катар категориялардан көз каранды аларга:

-окуу программасынын деңгээли;

- окуу жайынын тиби;

-окуу жайынын түрүнөн көз каранды.  Мындай көз карандылык жогорку окуу жайынын билим берүү укуктук статусуна дагы мүнөздүү.

Жогорку окуу жайынын билим берүү укуктук статусунда анын локалдуу актылары дагы өзгөчө мааниге ээ. Локалдуу актылар жогорку окуу жайынын тийиштүү укуктук актыларында бекилип анын ички мамилелерин укуктук жактан жөнгө салат.

Жогорку окуу жайларынын билим берүү укуктук статусунда маанилүү орундуу локалдуу ченемдик актылар ээлейт. Жогорку окуу жайынын уставына ылайык жогорку окуу жайларынын жетекчилери өз ыйгарымдарынын чегинде ченем жаратуучулук укугуна ээ.

Локалдуу актылар тийиштүү локалдык актыларда уставдарда, ички тартип эрежелеринде, инструкцияларда башкача айтканда мекеме уюмдардын ички ишмердүүлүгүн жөнгө салууга багытталган.

Жогорку окуу жайларынын түзүмүн бир катар топко бөлүп кароого болот.
Биринчи топко-окуу-өндүрүштүк комплекс юридикалык жак катары ал өзүнө жогорку окуу жайын, анын түзүмдүк бөлүктөрүн камтыйт. Түзүмдүк бөлүктөрү обочолоногон жана обочолонбогон болуп бөлүнөт. Жогорку окуу жайы өзүнүн түзүмдүк бөлүктөрүндө бир канча билим берүү программаларын ишке ашыруучу бөлүктөрдү камтышы мүмкүн.

Бул комплекстердин туруктуулугу анын уставы менен аныкталат.

Экинчи топко-бирдиктүү унитардык өзүнүн обочолонгон филиалдары болбогон жогорку окуу жайы. Баардык башкаруу укугу окуу жайынын ректоруна, начальнигине таандык.

Үчүнчү топко-бирдиктүү юридикалык жак болгон мамлекеттик жогорку окуу жайы. Ал обочолонгон түзүмдүк бөлүктөргө ээ болуусу мүмкүн.

Жогорку окуу жайында ченем жаратуучулук ишмердүүлүгүн негизги башкаруу органы болгон жетекчи, окумуштуулар кеңеши, педагогикалык кеңеш коллегиялдуу актыларды кабыл алат.

Локалдуу актылардын мүнөздүү өзгөчөлүктөрү катары төмөнкү белгилерди келтирүүгө болот:

- мыйзам астындагы акт саналат;
- жалпыга милдеттүү болгон ченемдерди камтыйт;
- өзүнүн мекемесинин, ишканасынын чектеринде гана аныкталат;
- юридикалык мүнөзгө ээ болот;
- мамлекеттик органдар тарабынан каттоого алынат;
- түздөн түз аракет кылат.

Жогорку окуу жайларынынын локалдуу актыларынын укуктук табияты аралашы юридикалык табиятынын орун алгандыгын ачыктайт. Аларга ченемдүүлүк жана маалыматтык шарттар деп атоого болот. Ченемдик шарттар убакыттын чектери менен чектелбейт. Мисалы, жаматтык келишимдин мөөнөтү менен чектелбейт, ошондой эле ал жоюлбайт (кошумча эмгек өргүүсүн алуу, педагогикалык стажы үчүн кошумча акы алуу сыяктуу суроолор).

Маалыматтык шарттарга аракеттеги эмек укугунун нормалары менен байланышкан, мисалы, илимий изилдөө ишин алып баруу үчүн кошумча эмгек өргүүсүн алуу.

Демек, жогорку окуу жайларынын билим берүү укуктук статусунун мазмунун өздүк ченемдер менен бирдикте ички ишмердүүлүктү жөнгө салуучу жалпы ачык бийлик органдарынын ченемдери, ошондой эле ченем локалдуу жаратуучулук ишмердүүлүгүнүн натыйжасында кабыл алынган локалдуу актылар саналат.

Жогорку окуу жайларынын билим берүү укуктук статусунун мазмунун жогорку окуу жайынын уставы, жамааттык келишимдер жоболор, инструкциялар саналат. Бул локалдуу актылардын максаты билим берүү процесси менен байланышкан максаттарга жетүү үчүн багытталган.

Жогорку окуу жайынын билим берүү укуктук статусунда укуктук уюшумдук, ченем жаратуучулук башкаруу мамилелеринин негизинде куралат. Жогорку окуу жайынын билим берүү укуктук статусун калыптандыруучу болуп анын уставы саналат.

**Үчүнчү главада “Кыргызстандагы жогорку окуу жайларынын укуктук статусунун көйгөйлөрү жана аны жакшыртуунун жолдору”** каралган.

***Биринчи бөлүмдө* “Жогорку окуу жайларынын укуктук статусунун жөнгө салуунун тенденциялары”** деп аталып бул бөлүмдө учурдагы жогорку окуу жайларынын укуктук статусунун жөнгө салуу тенденциялары талданган.

Жогорку окуу жайларынын саны азыркы учурда 58ге жетти. Анын ичинен 46 окуу жайы мамлекетик жогорку окуу жайы, калгандары мамлекеттик эмес жогорку окуу жайлары.

Алар учурда бир канча миңдеген контингенти бар студенттерди өзүнө тартуу менен бирдикте жогорку кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырууда.

Мындан келип чыккандай жогорку окуу жайы коммерциялык эмес юридикалык жак катары укуктун толук кандуу субьектиси катары таанылат. Жогорку окуу жайлары коммерциялык эмес юридикалык жак катары төмөнкү белгилерге ээ:

-жогорку  окуу жайы юридикалык жак катары статустан келип чыккан укук жана милдеттерди кабыл алат;
-жогорку окуу жайы коммерциялык эмес  жогорку билим берүү, жана жогорку окуу жайынан кийинки билим берүү программаларын ишке ашыруучу уюм;
-уюмдаштыруучу  тарабынан берилген мүлктөр жогорку окуу жайынын  ыкчам башкаруусунда жана колдонуусунда болот;
-уюмдаштыруучулардын мүлкү уставдын негизинде  гана каралган билим берүү ишмердүүлүгү үчүн багытталып, башка максаттарга колдонууга, тескөөгө уруксат берилбейт.
-жогорку окуу жайы  пайда алып келүүчү ишмердүүлүк менен алектенүүгө укуктуу, бирок ал билим берүү  процесси менен байланышпоосу зарыл;
-жогорку окуу жайлары  табылган кирешеге болгон менчик укугуна ээ болуу менен ага ээлик кылууга, пайдаланууга, тескөөгө  укуктуу.

Улуттук статистикалык комитеттин маалыматтарына таянсак  2020-2021-окуу жылдарында  менчиктин аркандай формасындагы жогорку окуу жайларында 214 миңден ашуун студент окуп жатат *[Улуттук статистикалык комитет. Кыргызстан цифраларда. 2021. Б. С. 9].*Демек*,* мамлекет жогорку билим берүү чөйрөсүндө багыттуу билим берүү саясатын жүргүзүү зарылчылыгын карайт.

Ошондуктан Кыргызстан  улуттук жогорку билим берүү тутумунун калыптанышы,  аракеттениши жана  өнүгүшү боюнча билим берүү саясатын жүргүзүү  милдети каралат.

Бул  негизги  жетектөөчү  башталыштар Кыргыз Республикасынын Конституциясында, «Билим берүү жөнүндө» мыйзамында, «Жогорку кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюмдары жөнүндө» жободо каралган.

Кыргыз Республикасындагы жогоку окуу жайларынын укуктук-уюшумдук негиздерин эске алып аларды  бир канча топторго бөлүүгө болот аларга:
- жогорку окуу жайынын укуктук уюшумдук формасы;
- уюшумдук негиздеринин  өзгөчөлүгү;
- жогорку окуу жайынын тиби;
-жогорку окуу жайынын  түрү деп  бөлүп кароого болот.

***Экинчи  бөлүмдө* “Жогорку окуу жайларынын укуктук статусунун көйгөйлөрү жана аны жакшыртуунун  негизги  концепциялары”** деп аталат.

Бул бөлүмдө  жогорку окуу жайларынын  укуктук статусунун  учурдагы көйгөйлөрү  аны жакшыртуунун  жолдору каралган.

Жогорку окуу жайынын укуктук статусун изилдөөдө эң алгач түшүнүк аппараттары боюнча бир катар талаш тартыштуу суроолор бар. Айрыкча «жогорку окуу жайы», «жогорку билим берүү уюмду», «жогорку билим берүү мекемеси» деген түшүнүктөр арасында бирдейлик жок. Укуктук уюшумдук формасындагы «уюм» түшүнүгү «мекеме» түшүнүгү менен алмаштырылып калган учурлар бир топ урунттуу.

Экинчи категорияга жогорку окуу жайларынын түрү «университет», «институт», «академия» арасындагы мүнөздүү белгилер толук кандуу мыйзамдык деңгээлде чечилген эмес. Алар бир канча  юридикалык күчү төмөн болгон  жобо менен гана жөнгө салынган.

Бул көйгөйдү чечүүнүн бир катар жолдору бар аларга төмөнкүлөрдү келтирүүгө болот:

-жарандык укуктук «мекеме» формасында калуу менен тийиштүү мыйзамдарга өзгөртүү толуктоо киргизүү зарыл. Бул айрыкча ички локалдуу акт болгон жогорку окуу жайынын уставына пайда алып келүү ишмердүүлүгүн бир канча кеңири бекитүү зарыл. Мындай практика Кыргызстандын жогорку окуу жайларында бар;

- жогорку окуу жайларынын укуктук уюшумдук формасына автономдук коммерциялык эмес уюм формасында уюштуруу. Мындай практика Россия Федерациясында иштеп жатат *[Федеральный закон «Об автономных учреждениях» от 03.11.2006 N 174-ФЗ ст 2 (ред. от 02.07.2021)]*. Жогорку окуу жайлары менчик ээси тарабынан каржыланат. Мына ошондуктан аны «мекеме» деп атоо бир канча орундуу. Мекеме түшүнүгү универсалдуу мүнөзгө ээ.

Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамы, «Кесиптик жогорку билим берүүнүн билим берүү уюмдары жөнүндө» Жобо, жогорку кесиптик билим берүү чөйрөсүндөгү укуктук мамилелердин мазмундук жактарын толук кандуу түрдө камтыбайт. Жогоруда аталган эки ченемдик акт биринчиси жалпы мамилелерди гана жөнгө салуу менен деталдуу жөнгө салууну карабайт.

Маанилүү маселе катары жогорку кесиптик билим берүү программаларынын ишке ашыруудагы лицензиялык нормативдерди дагы киргизүү зарыл.

Демек, биринчи жол билим берүү мыйзамын кодификациялоо аркылуу бир канча толук кандуу түрдө жогорку кесиптик билим берүү мамилелерин жөнгө салууга болот.

Белгилей кетүү керек бул жол бир канча татаал. Анткени кодификацияланган мыйзамдын жалпы концепциясын түзүү бир канча түйшүктүү. Россия Федерациясында дагы бул багытта бир канча жылдардан бери кодификацияланган мыйзамдын долбоору иштелип чыгууда. Талаш тартыштуу ойлор көп.

Экинчи жол бир канча оңтойлуу жана тез жетишүүгө мүмкүн болот. Жогорку кесиптик билим берүү жөнүндө өз алдынча мыйзам кабыл алуу зарыл. Жогорку кесиптик билим берүү мекемелери турмуштук практика көрсөткөндөй жогорку окуу жайлары жогорку кесиптик билим берүү программаларынан тышкары жогорку окуу жайдан кийинки билим берүү программаларын ишке ашырышат.

Мына ошондуктан жогорку кесиптик билим берүү жогорку окуу жайдан кийинки билим берүү жөнүндө мыйзам кабыл алуу усулдук жактан бир канча оңтойлуу.

Белгилей кетүү керек атайын жогорку кесиптик билим берүү жөнүндө мыйзамды кабыл алуу аны андан ары кодификациялоого жолтоо болбойт. Тескерисинче бир тектүү жогорку кесиптик билим берүү мекемелериндеги мамилелер толук кандуу жөнгө салынат.

## КОРУТУНДУ ЖАНА ПРАКТИКАЛЫК СУНУШТАМАЛАР

Жогорку окуу жайларынын укуктук статусунун теориялык укуктук жактарын ар тараптуу жыйымдуу талдоонун натыйжасында бир катар теориялык жана практикалык тыянактарды чыгарууга мүмкүн болду.

*Биринчи главанын биринчи бөлүмү боюнча:* жогорку окуу жайларынын укуктук статусун аныктоодо түшүнүк аппараты, жогорку окуу жайлардын түрлөрү боюнча айрымалоо критерийлери, укуктук уюшумдук формасындагы мүчүлүштүктөр толук кандуу жөнгө салынбагандыгын, жана мындай көйгөйлөрдү жөнгө салуу үчүн сунуштар, жоболор, тыянактар иштелип чыкты.

*Биринчи главанын экинчи бөлүмү боюнча:* Кыргызстандагы жогорку окуу жайларынын түзүлүшү административдик тескөө усулу аркылуу жүргүзүлгөн;

-жогорку окуу жайлары Совет мезгилинде борбордук башкаруу органдарынын чечиминин негизинде түзүлгөн;

-жогорку окуу жайларын укуктук жактан жөнгө салуучу мыйзам актылары примитивдүү түрдө болгон;

-жогорку окуу жайларын уюштуруу коомдук зарыл талаптар менен шартталган (педагогикалык кадрлардын, инженердик техникалык, технологиялык адистердин жетишсиздиги);

-жогорку окуу жайларынын укуктук абалы административдик укуктук мүнөздө болуп, чектелген автономияда жана мамлекеттик органдардын карамагында калыптанган.

*Экинчи главанын биринчи бөлүмү боюнча*:

-жогорку окуу жайынын укуктук статусунун теориялык усулдук негиздерин талдоо төмөнкүдөй тыянактарды чыгарууга мүмкүнчүлүк берет;

-жогорку окуу жайынын укуктук статусун талдоодо ага коюлган милдеттерге жараша бир канча жыйымдуу болгон жалпы илимий жана атайын илимий усулдардын комплексинде кароону шарттайт;

- жогорку окуу жайларынын түшүнүк аппараты, калыптануу эволюциясын, учурдагы аракеттенүүсүн изилдөөдө грамматикалык, тарыхый усулдук, түтүмдук, тутумдук-түзүмдүк, түзүмдүк функционалдык, формалдуу юридикалык усулдар аркылуу жандашуу артыкчылыктуу.

Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамы билим берүү жаатындагы мамилелерди бирдиктүү жөнгө салган ченемдерден туруп, жогорку кесиптик билим берүү программаларын ишке ашырган мамилелерди жөнгө салуучу ченемдер алардын тутумдук элементи катары саналат.

*Экинчи главанын экинчи бөлүмү боюнча:* жогорку окуу жайлардын жарандык укуктук статусунда жогорку окуу жайынын укуктук уюшумдук формасы, укук жана аракет жөндөмдүүлүк сыяктуу суроолордун маанилүү бөлүгү Граждандык кодекс аркылуу жөнгө салынаары аныкталды.

Жогорку окуу жайы юридикалык жак катары, коммерциялык эмес юридикалык жактын формасында мекеме катары түзүлөрү аныкталды.

Жогорку окуу жайынын түзүмдүк бөлүктөрү жарандык кодексте каралган юридикалык жактардын филиалдары жана өкүлчүлүктөрү сыяктуу жобого дал келет жана юридикалык жактын статусуна ээ эмес.

Жогорку окуу жайы юридикалык жак катары жарандык укуктук мамилелерге катышууга укук жана милдеттерди алууга болгон укугу Граждандык кодекс аркылуу жөнгө салынат.

Жогорку окуу жайынын мүлктүк укуктары анын укуктук уюшумдук формасына (мамлекеттик жана мамлекеттик эмес) жараша чектелүү.

Жогорку окуу жайы коммерциялык эмес юридикалык жак катары пайда табуу максатын көздөбөйт, ошону менен бирдикте уставдык максаттарга жетүү үчүн пайда алып келүү үчүн ишкердүүлүк менен алектенүүгө укуктуу.

*Экинчи главанын үчүнчү бөлүмү боюнча:* жогорку окуу жайларынын административдик укуктук статусунун мазмунун эки типке бөлүп karoo зарыл:

- биринчи типке жогорку окуу жайынын сырткы байланышы мамлекеттик органдар, билим берүү чөйрөсүндөгү борбордук башкаруу органдары менен административдик байланышы;
- экинчи жогорку окуу жайынын ички административдик укуктук байланышы ички (структуралык бөлүмдөрү, окумуштуулар кеңеши, филиалдары, өкүлчүлүктөрү) менен болгон административдик мамилелерин аныктоого болот.

*Төртүнчү бөлүм боюнча:* жогорку окуу жайларынын билим берүү укуктук статусунда алардын түзүмүн бир катар топко бөлүп кароого болот.

Биринчи топко- окуу-өндүрүштүк комплекс юридикалык жак катары ал өзүнө жогорку окуу жайын, анын түзүмдүк бөлүктөрүн камтыйт. Түзүмдүк бөлүктөрү обочолонгон жана обочолонбогон болуп бөлүнөт. Жогорку окуу жайы өзүнүн түзүмдүк бөлүктөрүндө бир канча билим берүү программаларын ишке ашыруучу бөлүктөрдү камтышы мүмкүн. Бул комплекстердин туруктуулугу анын уставы менен аныкталат.

Экинчи топко - бирдиктүү унитардык өзүнүн обочолонгон филиалдары болбогон жогорку окуу жайы. Баардык башкаруу укугу окуу жайынын ректоруна, начальнигине таандык.

Үчүнчү топко- бирдиктүү юридикалык жак болгон мамлекеттик жогорку окуу жайы. Ал обочолонгон түзүмдүк бөлүктөргө ээ болуусу мүмкүн.

*Үчүнчү главанын биринчи бөлүмү боюнча*: учурдагы жогорку окуу жайларынын укуктук статусунун өнүгүү тенденциялары жогорку окуу жайы коммерциялык эмес юридикалык жак катары укуктун толук кандуу субъектиси катары таанылышынын негизинде аныкталаган. Жогорку окуу жайлары коммерциялык эмес юридикалык жак катары төмөнкү белгилерге ээ:

- жогорку окуу жайы юридикалык жак катары статустан келип чыккан укук жана милдеттерди кабыл алат;
- жогорку окуу жайы коммерциялык эмес жогорку билим берүү жана жогорку окуу жайынан кийинки билим берүү программаларын ишке ашыруучу уюм;
- уюмдаштыруучу тарабынан берилген мүлктөр жогорку окуу жайынын ыкчам башкаруусунда жана колдонуусунда болот;
- уюмдаштыруучулардын мүлкү уставдын негизинде гана каралган билим берүү ишмердүүлүгү үчүн багытталып, башка максаттарга колдонууга, тескөөгө уруксат берилбейт.
- жогорку окуу жайы пайда алып келүүчү ишмердүүлүк менен алектенүүгө укуктуу, бирок ал билим берүү процесси менен байланышпоосу зарыл;
- жогорку окуу жайлары табылган кирешеге болгон менчик укугуна ээ болуу менен ага ээлик кылууга, пайдаланууга, тескөөгө укуктуу.

Жогорудагы айтылган белгилер жогорку окуу жайларынын укуктук абалын аныктоо менен бидикте алардын автономдуу түрдө экономикалык мамилелерге катышуу укуктарын карайт.

*Үчүнчү главанын экинчи бөлүмү боюнча тыянактар*.

Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамы, «Кесиптик жогорку билим берүүнүн билим берүү уюмдары жөнүндө» Жобо жогорку кесиптик билим берүү чөйрөсүндөгү укуктук мамилелердин мазмундук жактарын толук кандуу түрдө камтыбайт. Жогоруда аталган эки ченемдик акт биринчиси жалпы мамилелерди гана жөнгө салуу менен деталдуу жөнгө салууну карабайт.

***Изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча практикалык сунуштар.***

Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» мыйзамынын 1-беренесиндеги «негизги түшүнүктөргө» төмөнкүдөй толуктоо киргизүү зарыл «*Билим берүү мекемелери – Билим берүү жөнүндө мыйзамында каралган бир же бир нече билим берүү программаларын ишке ашырган жалпы же адистештирилген, атайын, мамлекеттик жана мамлекеттик эмес укуктук уюшумдук формадагы коммерциялык эмес юридикалык жак мекемелер»* деп толуктоо сунушталат.

Ушул мыйзамдын 22,48,57чи беренелериндеги «камкорчу» түшүнүгүн «көзөмөлчү» түшүнүгүнө алмаштыруу зарыл.

Кыргыз Республикасынын 2021–жылдагы Конституциясынын нормаларына дал келтирүү зарыл. Жаңы Конституция билим берүү жаатында айрыкча жашы жетпеген балдардын, мүмкүнчүлүгү чектелген балдардын, ата-энесинин кароосунан ажыраган балдардын билим алуусу боюнча бир канча беренелерди караган. Анын ичинде жогорку кесиптик билим алуусун камсыз кылган беренелер дагы бар. Билим берүү мыйзамына тийиштүү өзгөртүүлөрдү киргизүү зарылчылыгы бар.

Тактап айтканда «Билим берүү жөнүндө» мыйзамынын 8- беренесиндеги билим берүү жаатындагы мамлекеттик саясаттын принциптерине төмөнкүдөй толуктоо киргизүү зарыл;

- «*калктын аярлуу катмарына жашы жетелек, жетим балдар, ата-энесинин багуусунан ажыраган балдарга билим берүүнүн жеткиликтүүлүгүн камсыз кылуу кепилдиги*» деп толуктоо зарыл.

Мыйзамдын 39-беренесинин 10 пунктун Кыргыз Республикасынын жарандарынын жалпыга бирдей аскердик милдети жөнүндө, аскердик жана альтернативдик кызматтар жөнүндө мыйзамдарына ылайык аскердик кызматка чакырууну кийинкиге калтырууга деп өзгөртүү зарыл.

Мыйзамдын 41-беренесине окуп жаткандарды социалдык жактан коргоо беренесине; *жетим балдарга жана ата-энесинин камкордугунан ажыраган балдарга башталгыч, орто жана жогорку кесиптик билимди акысыз алууга шарт түзөт»* деп толуктоо зарыл.

Мыйзамдын 42-беренесине *орто кесиптик, жогорку окуу жайларынын күндүзгү бөлүмүнүн студенттери ден соолугуна байланыштуу акдемиялык өргүү алууга укуктуу.*

«Билим берүү жөнүндө» мыйзамда жоопкерчиликтин конкреттүү түрү аныкталган эмес. Мыйзамдын 62-беренесинде «Билим берүү жөнүндө» мыйзамды бузгандык үчүн же аны ишке ашырууга тосколдук кылса, Кыргыз

Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчиликке тартылат деп бекилген.

Жоопкерчиликтин түрү так аныкталган эмес. Биздин оюбузча бул беренени толуктоо зарыл жана төмөнкүдөй редакцияда берүү керек *«билим берүү жөнүндө мыйзамды бузгандык үчүн жеке жактар (окуучулар, студенттер, курсанттар), билим берүү мекемелери, билим берүү мекемелеринин жетекчилери,кызмат адамдары,окутуучулук профессордук курам мыйзамда каралган тартипте дисциплинардык, эмгек укуктук, жарандык, укук бузуу, кылмыш жоопкерчилигине тартылат»* деп толуктоо зарыл.

Мыйзамынын 43-беренесинде педагогдук иши менен алектенүү укугу соттологон адамдарга жол берилбейт деп бекилген.

«Соттолгон адам» түшүнүгүндө укуктук статусту так аныктоого мүмкүн эмес. Кылмыш укугунда «соттуулугу жоюлган же алынып салынган деген түшүнүк бар.

Билим берүү мекемелеринде жашы жетпеген балдар жана жаштар билим алуусун эске алганда 43-беренеге өзгөртүү толуктоо киргизүү зарыл. Аны төмөнкүдөй редакцияда берүү керек*;-билим берүү мекемелеринде педагогикалык ишмердүүлүк менен алектенүүгө мурда соттолбогон, коркунучтуулугу аз же анча оор эмес байкабасткытан кылмышы үчүн соттуулугу жоюлган адам иштей алат.*

*Жашы жетпегендерге же алардын жыныстык кол тийбестигине карата кылмыш жасаган адамдар соттуулугу жоюлса дагы билим берүү иштөөгө уруксат берилбейт»* деп толуктоо зарыл.

*Педагогикалык иш менен алектенгендерди укугунан ажыратуу Кыргыз Республикасынын кылмыш-жаза кодексинде негизги же кошумча жаза катары белгилүү бир кызмат ордун ээлөө же белгилүү бир иш менен алектенүү укугунан ажыратуу жазасы дайындалган учурда колдонулат .*

Жарандык кодекстин 164-беренесиндеги мекемелер түшүнүгүнө*;*

Менчик ээси тарабынан башкаруучу, *билим берүү,* социалдык-маданий же коммерциялык эмес башка функцияларды ишке ашыруу үчүн түзүлгөн жана ал тарабынан толук же жарым-жартылай финансылануучу мамлекеттик же башка уюм мекеме катары таанылат деп толуктоо зарыл.

## ДИССЕРТАЦИЯНЫН ТЕМАСЫ БОЮНЧА ЖАРЫЯЛАНГАН ЭМГЕКТЕРДИН ТИЗМЕСИ:

1. Жээнбаева Ы.Э. Билим берүү чөйрөсүндөгү мамилелердин укуктук жактарынын кээ бир маселелери. [Текст] / Ы.Э.Жээнбаева.Известия ВУЗов Кыргызстана. – Бишкек, 2018. − №. 12. – С, 27-29. https://elibrary.ru/item.asp?id=41212701
2. Жээнбаева Ы.Э. Нормативно-правовое регулирование сферы образования в свете интеграционных процессов. [Текст] / Ы.Э.Жээнбаева // Евразийское Научное Объединение – Москва, 2020− №3– 6 (64) –С.187-189. https://elibrary.ru/item.asp?id=43161502

3. Жээнбаева Ы.Э. Кыргызстанда билим берүү мамилелерин ченемдик жөнгө салынышы (1917-1937 жылдар). [Текст] / Ы.Э.Жээнбаева // Известия ВУЗов Кыргызстана. –Бишкек, 2020. – №4. – С. 37-40. https://elibrary.ru/item.asp?id=46223389
4. Жээнбаева Ы.Э. Право на образования в контексте прав человека. [Текст] / Ы.Э. Жээнбаева // Актуальные научные исследования в современном мире выпуск Переяслав-Хмельницкий, 2021. − № 7 (75), часть 3. − С.129-132. https://elibrary.ru/item.asp?id=46486907
5. Жээнбаева Ы.Э. Некоторые вопросы правового статуса высших учебных заведений. [Текст] / Ы.Э. Жээнбаева // Актуальные научные исследования в современном мире. − Переяслав-Хмельницкий, 2021. − №11(79), Часть 5. − С. 33-35. https://elibrary.ru/item.asp?id=47412877
6. Жээнбаева Ы.Э. О понятии правового статуса образовательных учреждений [Текст] / Ы.Э. Жээнбаева // Заметки ученого». − Ростов-на-Дону, 2023. − № 5/1, часть 1. – С, 326-329. https://elibrary.ru/item.asp?id=54106150
7. Жээнбаева Ы.Э. Некоторые вопросы правового статуса образовательных учреждений [Текст] / Ы.Э.Жээнбаева // Тенденции развития науки и образования Тенденции развитие науки и образования. –Самара, 2024. − № 109-7. − С. 157-159. https://elibrary.ru/item.asp?id=69169994
8. Жээнбаева Ы.Э. Образовательные отношения как объект правового регулирования [Текст] / Ы.Э. Жээнбаева // Тенденции развития науки и образования Самара, 2024. − № 109-7. − С. 159-162. https://elibrary.ru/item.asp?id=69169995
9. Жээнбаева Ы. Э. Правовой статус и политика в сфере высшего образования в Кыргызстане [Текст] / Ы.Э. Жээнбаева // Оригинальные исследования Белгород, 2024. − Т.14, №12 − С. 83-87. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=79562576
10. Жээнбаева Ы. Э. Конституционно-правовое регулирование права на образование [Текст] / Ы.Э. Жээнбаева // Оригинальные исследования Белгород, 2024. − Т.14, №12 – С. 156-160 https://www.elibrary.ru/item.asp?id=79562592

**Жээнбаева Ырысгүл Эшмаматовнанын:** 12.00.01 – укуктун жана мамлекеттин теориясы жана тарыхы; укук жана мамлекет жөнүндө окуулардын тарыхы адистиги боюнча юридика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган **“Кыргыз Республикасындагы жогорку окуу жайларынын укуктук статусу”**темасында даярдалган диссертациялык изилдөөсүнө берилген

## РЕЗЮМЕСИ


**Негизги сөздөр:**билим, кесиптик билим, мекеме, жогорку окуу жайы, лицензия, аккредитация, устав, жамааттык келишим, жоопкерчилик, юридикалык жак, коммерциялык эмес уюм.

**Диссертациялык изилдөөнүн объектиси болуп** Кыргыз Республикасында жогорку кесиптик билим берүү мекемелеринин ишмердүүлүгүн ченемдик актыларынын деңгээлинде укуктук жөнгө салуу процессинен келип чыккан коомдук мамилелер саналат.

**Диссертациялык изилдөөнүн максаты** болуп Кыргыз Республикасындагы жогорку окуу жайлардын укуктук статусун тутумдуу талдоо аркылуу жогорку окуу жайлардын, административдик, жарандык, билим берүү укуктук статустарынын маани-мазмундук жактарынын мүнөздүү белгилерин, көйгөйлүү жактарын аныктоо жана жогорку окуу жайларынын укуктук статусун жөнгө салууну жакшыртуу боюнча сунуштарды, жоболорду жана тыянактарды ишеп чыгуу саналат.

**Изилдөөнүн усулу болуп** илимий таанымдын ар кандай болгон диалектикалык, дедукциялык, индукциялык, синтездөө, ошондой эле грамматикалык, формалдуу юридикалык, тарыхый укуктук, салыштырма укуктук, тутумдук-түзүмдүк, түзүмдүк функционалдык талдоо усулдары түздү.Изилдөөнүн толук кандуулугун камсыз кылуу максатында түшүнүк аппараттарын классификациялоо менен өз ара байланыштарды жана көз карандылыктарды аныктоо менен байланышкан лингвистикалык, логикалык ыкмалар колдонулду.

**Диссертациялык изилдөөнүн илимий жаңылыгы** Кыргыз Республикасында жогорку окуу жайларынын укуктук статусу алгачкылардан болуп монографиялык деңгээлде жыйымдуу изилденген:

-жогорку окуу жайларынын укуктук статусунун мазмундук, түзүмдүк жактарын ар тараптуу изилдөө менен «жогорку окуу жайларынын укуктук статусу» аныктамасы сыпатталды;

-Кыргызстандагы жогорку окуу жайларынын калыптануу жана өнүгүү эволюциясынын тарыхый-укуктук жактары талданып, алардын калыптануусунун укуктук өзгөчөлүктөрү аныкталган;

-жогорку окуу жайларынын жарандык укук статусунун мүнөздүү белгилери укуктук уюшумдук-формасынын өзгөчөлүктөрү аныкталган;

-жогорку окуу жайларынын жалпы ачык бийлик мамилелеринде жана ички мамилелериндеги административдик укуктук статусунун абалы талданган;

-жогорку окуу жайларынын билим берүү укуктук статусундагы ички локалдуу актылар, коллективдүү келишим, ченем жаратуучулук аспкетилери окуп үйрөнүлгөн;

-жогорку окуу жайларынын укуктук статусунун жөнгө салуунун учурдагы тенденциялары, көйгөйлөрү аныкталып аны жакшыртуу боюнча теориялык жана практикалык сунуштар иштелип чыккан.

**Диссертациялык изилдөөнүн материалдарын колдонуу даражасы:** Азыркы учурдагы мамлекеттин билим берүү саясатындагы анын ичинде жогорку кесиптик ишмердүүлүгүн жакшыртуу боюнча теоретикалык жана практикалык көз караштарды, түшүнүк аппаратын кайра карап чыгуу, укук колдонуу практикасы, кээ бир чет өлкөлөрдүн тажрыйбасына таянуу менен автор конкреттүү укуктук, теоретикалык жана практикалык суроолорду чечмелөөгө мүмкүнчүлүк берип, Ата Мекендик мыйзам актыларын өнүктүрүү боюнча көз-караштар негизделген.

**Колдонуу тармагы** изилдөөдөгү жоболор, тыянактар, практикалык сунуштар жогорку окуу жайлардын укуктук статусун жөнгө салууда жана мамлекет укук теориясы, мамлекеттин мыйзам чыгаруу боюнча иш аракеттерин жакшыртууга, алардын концептуалдык жана усулдук жактарын иштеп чыгууга мүмкүнчүлүк түзөт.

**РЕЗЮМЕ**

**диссертации Жээнбаевой Ырысгүл Эшмаматовны**по теме: **“Правовой статус высших учебных заведений в Кыргызской Республике”,** выполненной для соискания ученой степени кандидата юридических наук по специальности 12.00.01 - теория и история права и государства; история учений о праве и государстве.

**Ключевые слова:** образование, профессиональное образование, учреждение, вуз, лицензия, аккредитация, устав, коллективный договор, ответственность, юридическое лицо, некоммерческая организация.

**Объектом диссертационного исследования являются** общественные отношения, возникающие в процессе правового регулирования деятельности высших учебных заведений Кыргызской Республики на уровне нормативных актов.

**Целью диссертационного исследования** является выявление сущностные и характерные особенности и проблем правового статуса высших учебных заведений в Кыргызской Республике посредством системного анализа правового положения высших учебных заведений, административно правового,гражданско правового, образовательно-правового статуса, выработка рекомендаций по совершенствованию правового статуса высших учебных заведений.

**Методы исследования;** проводились на основе диалектических, дедуктивных, индуктивных, синтезирующих методов научного познания, а также грамматических, формально-юридических, историко-правовых, сравнительных, структурно-структурных, структурно-функциональных методов анализа.

Для обеспечения полноты исследования использовались лингвистические и логические методы, связанные с классификацией понятийных аппаратов и выявлением взаимосвязей и зависимостей.

**Научная новизна диссертационного исследования** заключается в том, что одним из первых в Кыргызской Республике на монографическом уровне комплексно исследованы правовой статус высших учебных заведений;

- на основе всестороннего исследования структурных и содержательных сторон правового статуса высших учебных заведений сформулировано понятие правового статуса высших учебных заведений;
- проанализированы правовые особенности эволюции становления и развития высших учебных заведений в Кыргызстане и определены его правовые особенности становления;
- определены организационно-правовые особенности и характерные признаки гражданско-правового статуса высших учебных заведений;
- проанализированы административно-правовой статус высших учебных заведений во внешних публичных и внутренних отношениях;
-изучены локальные акты устав, коллективный договор, нормотворческая деятельность в образовательно-правовом статусе высших учебных заведений;
- обозначены тенденции и проблемы нормативного регулирования правового статуса высших учебных заведений, выработаны теоретические и практические рекомендации их усовершенствования.

**Степень исследования материалов диссертационного исследования:** Обоснованы теоретические и практические подходы к совершенствованию образовательной политики государства в современных условиях, в том числе пересмотр понятийного аппарата, правоприменительной практики, на основе опыта некоторых зарубежных стран, который позволяет рассматривать решения конкретных правовых, теоретических и практических вопросов по усовершенствованию отечественного законодательства в сфере деятельности высших учебных заведений.

**Область применения** составляют возможности применения положений, выводов, практических рекомендаций исследования в улучшении деятельности в регулировании правового статуса высших учебных заведений, в теории государства и права, в деятельности государства по законодательству, при разработке концептуальных и методических аспектов.

## SUMMARY

**dissertation of Jeenbaeva Yrysgul Eshmamatovna** on the topic: "**Legal status of higher educational institutions in the Kyrgyz Republic"**, performed for the degree of candidate of jurisprudence by specialty 12.00.01 - Theory and history of law; history of teachings about law and the state.

**Keywords**: education, professional education, institution, university, license, accreditation, charter, collective agreement, responsibility, legal entity, non-profit organization.

**The object of the dissertation research** is public relations, which arised in the process of legal regulation of the activities of higher educational institutions of the Kyrgyz Republic at the level of legal regulations.

**The purpose of the dissertation research**is to identify the essential and characteristic features and problems of the legal status of higher educational institutions in the Kyrgyz Republic through a systematic analysis of the legal status of higher educational institutions, administrative, civil, educational, legal status and development of recommendations for improving the legal status of higher educational institutions.

**Research methods**; conducted on the basis of dialectical, deductive, inductive, synthesizing methods of scientific cognition, as well as grammatical, formal-legal, historical-legal, comparative, structural-structural, structural-structural, structural.

Linguistic and logical methods related to the classification of conceptual devices and the identification of interrelationships and dependencies were used to ensure full research.

**The scientific novelty of the dissertation research** is included in the fact that one of the first in the Kyrgyz Republic at the monographic level comprehensively studied the legal status of higher educational institutions;

- on the basis of a comprehensive study of the structural and content of the legal status of higher educational institutions, the concept of the legal status of higher educational institutions is formulated;

- analyzed the legal peculiarities of the evolution of the state and the development of higher educational institutions in Kyrgyzstan and determined its legal peculiarities of the state;

- organizational and legal peculiarities and characteristic signs of civil and legal status of higher educational institutions;

- the administrative and legal status of higher educational institutions in foreign public and internal relations is analyzed;

-studied local acts, charter, collective agreement, normative activity in the educational-legal status of higher educational institutions;

- trends and problems of normative regulation of the legal status of higher educational institutions, developed theoretical and practical recommendations for their improvement.

**The degree of study of the materials** of the dissertation research: Theoretical and practical approaches to improving the educational policy of the state in modern conditions, including the revision of the conceptual apparatus, law enforcement practice, based on the experience of some foreign countries, which allows us to consider solutions to specific legal, theoretical and practical issues for improvement domestic legislation in the field of activity of higher educational institutions.

**The scope of application** is the possibility of applying the provisions, conclusions, practical recommendations of the study in improving activities in the regulation of the legal status of higher education institutions, in the theory of state and law, in the activities of the state under legislation, in the development of conceptual and methodological aspects.